**Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги**

**С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети**

**БЕКИТИЛДИ**

С.Нааматов атындагы НМУнун

ректорунун м.а.

_____________ К.О. Өмүрова

«___» _____________ 2025-ж.

Окумуштуулар кеңешинин

«___» _____________ 2025-ж.

№ _____ протоколу

# С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин Илим жана Инновация борбру жөнүндө

# ЖОБО

**Нарын-2025**

## 1. ЖАЛПЫ ЖОБОЛОР

**1.1.**Илим жана инновациялар борбору (мындан ары – Борбор) С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин (мындан ары – Университет) түзүмдүк бөлүмү болуп эсептелет.

**1.2.** Борбор Университеттин илимий потенциалын өнүктүрүү, инновациялык ишмердүүлүктү колдоо, заманбап технологияларды киргизүү жана илимий иштеп чыгууларды коммерциялаштырууга көмөктөшүү максатында түзүлөт.

**1.3.** Жобо төмөнкү ченемдик укуктук актылардын негизинде иштелип чыккан жана төмөнкүлөрдү жетекчиликке алат:

- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын;
- КР "Билим берүү жөнүндө" мыйзамын (2023-жылдын 11-августу №179);
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин нормативдик актыларын;
- Университеттин Уставын;
- Ушул Жобосун.
- Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигинин (ББИМ), ошондой эле ректордун башка буйруктарын жана ченемдик-укуктук актыларын.

## 2. ИЛИМ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР БОРБОРУ ТӨМӨНКҮ МИЛДЕТТЕРДИ АТКАРАТ:

**2.1.** Кафедралардын, илимий лабораториялардын, аспирантуранын, докторантуранын жана PhD-программалардын илимий-изилдөө ишмердүүлүгүн уюштуруу жана координациялоо.

**2.2.** Университеттин илим, инновация жана илимий изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын коммерциялаштыруу боюнча стратегиясын жана саясатын ишке ашыруу.

**2.3.** Инновациялык ишмердүүлүктү өнүктүрүү, жаңы технологияларды киргизүү жана интеллектуалдык ишмердүүлүктүн жыйынтыктарын коммерциялаштырууну камсыз кылуу.

**2.4.** Жаш илимпоздорду, студенттик демилгелерди, стартаптарды жана илимий долбоорлорду колдоо.

**2.5.** «НМУнун жарчысы» илимий журналынын жана Университеттин башка басылмаларынын даярдалышын жана жарыяланышын уюштуруу, ошондой эле антиплагиат талаптарын көзөмөлдөө.

**2.6.** Гранттык, илимий-изилдөө жана инновациялык долбоорлорду ишке ашыруу жана улуттук жана эл аралык фонддордун алдында отчеттуулукту камсыз кылуу.

**2.7.** Академиялык ак ниеттүүлүктү жана илимий изилдөөлөрдүн сапатын сактоо, цитаталоо эрежелерин жана автордук укуктарды сактоо.

**2.8.** Университеттин илимий жана инновациялык ишмердүүлүгү боюнча отчеттуулукту түзүү жана аны ректоратка, окумуштуулар кеңешине жана мамлекеттик органдарга берүү.

**2.9.** Илим жана инновациялар жаатында эл аралык жана жогорку окуу жайлар арасында кызматташтыкты өнүктүрүү, тышкы өнөктөштөрдү жана эксперттерди тартуу.

**2.10.** Борборго берилген материалдык, финансылык жана маалыматтык ресурстардын натыйжалуу колдонулушун жана сакталышын камсыз кылуу.

## 3. ТҮЗҮМҮ

**3.1.**Борборду Университеттин ректору тарабынан дайындалган директор жетектейт.

**3.2. Директор:**

- Борбордун күнүмдүк ишмердүүлүгүн жетектейт;
- Кызматкерлердин ортосунда милдеттерди бөлүштүрөт;
- Аспирантура, докторантура жана Phd программаларын карайт;
- Борбордун кызыкчылыктарын Университеттин ичинде жана сыртында коргойт;
- Борбордун милдеттеринин аткарылышына жооп берет.

**3.3. Борбордун структурасына төмөнкүлөр кирет:**

- илимий изилдөөлөр жана долбоорлор, инновациялар жана илимий изилдөөлөрдү;
- коммерциялаштыруу боюнча башкы адис;
- басма ишмердүүлүгү жана антиплагиат боюнча адис;
- жаштар демилгелери жана стартаптар боюнча адис.

## 4. ФУНКЦИЯЛАРЫ

Борбор өзүнүн максаттарын жана милдеттерин жүзөгө ашыруу үчүн төмөнкү функцияларды аткарат:

**4.1. Уюштуруучулук-координациялык функциялар**

- Университеттин илимий-изилдөө жана инновациялык ишмердүүлүгүн координациялоо;
- Аспирантуранын, докторантуранын жана PhD-программаларынын ишин уюштуруу;
- Илимий лабораториялардын, изилдөө топторунун жана студенттик илимий бирикмелердин ишин уюштуруу;
- Гранттык долбоорлорду жана программаларды, анын ичинде эл аралык жана жогорку окуу жайлар аралык долбоорлорду, камсыз кылуу жана коштоо;
- Конференциялар, семинарлар, симпозиумдар, тегерек столдор, илимий мектептер жана форумдарды уюштуруу жана өткөрүү.

**4.2. Илимий-изилдөө функциялары**

- Региондун жана өлкөнүн өнүгүү приоритеттерине ылайык илимий программаларды жана долбоорлорду иштеп чыгуу жана жүзөгө ашыруу;
- Билим берүү, экономика, экология, энергетика, медицина, социалдык жана башка чөйрөлөрдө прикладдык изилдөөлөрдү жүргүзүү;
- Университеттин базасында илимий мектептерди жана изилдөө багыттарын түзүү;
- Илимий басылмалар, монографиялар, чогултмаларды жана отчетторду даярдоо;
- «Нарын мамлекеттик университетинин Жарчысы» илимий журналын жарыялоо.

**4.3. Инновациялык жана практикалык функциялар**

- Инновациялык технологияларды жана методикаларды иштеп чыгуу жана киргизүү;
- Илимий иштеп чыгармаларды патенттөө жана интеллектуалдык менчикти коргоону камсыз кылуу;
- Университеттин жанында чакан инновациялык ишканаларды жана стартаптарды түзүүгө көмөк көрсөтүү;
- Студенттердин жана кызматкерлердин ишкердик компетенцияларын өнүктүрүү.

**4.4. Маалыматтык-аналитикалык функциялар**

- Университеттин илимий долбоорлор, иштеп чыгуулар жана басылмалар боюнча базасын жүргүзүү жана жаңылоо;
- Илимий-изилдөө жана инновациялык ишмердүүлүктүн натыйжалуулугун мониторинг кылуу;
- Университеттин жетекчилиги жана мамлекеттик органдар үчүн аналитикалык жана статистикалык отчетторду даярдоо;
- Гранттарга, конкурстарга жана каржылоо программаларына арыз даярдоодо консультациялык жана методикалык колдоо көрсөтүү.

**4.5. Билим берүү жана маалымдоо функциялары**

- Илим, инновация, долбоордук ишмердүүлүк жана ишкердик боюнча курстар, тренингдер жана мастер-класстар уюштуруу;
- Студенттер, мектеп окуучулары жана аймак тургундары арасында илимий билимдерди жайылтуу;
- Илим маданиятын өнүктүрүү жана жаштардын илимий сабаттуулугун жогорулатуу.

**4.6. Тышкы байланыштар жана өнөктөштүк**

- Ички жана чет элдик университеттер, илимий борборлор, фонддор жана бизнес структуралар менен өнөктөштүк мамилелерди түзүү жана өнүктүрүү;
- Эл аралык гранттык жана илимий изилдөө программаларга катышуу;
- Университетти дүйнөлүк илимий жана инновациялык мейкиндикке интеграциялоого көмөк көрсөтүү.

## 5. БОРБОРДУН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

**5.1. Борбордун укуктары**

Борборго төмөнкү укуктар берилет:

- Университеттин жана тышкы уюмдардын илимий, изилдөөчү жана инновациялык долбоорлорун демилгелөө жана катышуу;
- Университеттин кызыкчылыктарын мамлекеттик органдарда, эл аралык жана улуттук илимий жана инновациялык уюмдарда, фонддордо жана ассоциацияларында коргоо;
- Ички жана чет элдик университеттер, изилдөө борборлору, ишканалар жана өкмөттүк эмес уюмдар менен өнөктөштүк байланыштарды түзүү;
- Илимий жана инновациялык программаларды жүзөгө ашырууда тышкы эксперттерди, консультанттарды жана адистерди тартуу;
- Университеттин илимий, инновациялык ишмердүүлүгүн жана изилдөөлөрдүн жыйынтыктарын коммерциялаштырууну өнүктүрүү боюнча сунуштарды Университеттин окумуштуулар кеңешине киргизүү;
- Конференциялар, форумдар, семинарлар жана көргөзмөлөр өткөрүүнү демилгелөө;
- Өзүнүн функцияларын аткаруу үчүн Университеттин структуралык бөлүмдөрүнөн керектүү маалыматтарды жана материалдарды алуу;
- Университеттин материалдык-техникалык базасын ички нормативдик актыларда көрсөтүлгөн чектөөлөрдүн ичинде колдонуу.

**5.2. Борбордун милдеттери**

Борбор төмөнкүлөрдү аткарат:

- Университеттин бекитилген илимий жана инновациялык ишмердүүлүк пландарын аткарууну камсыз кылуу;
- Өз ишмердүүлүгүнүн жыйынтыктары боюнча отчетторду белгиленген тартипте даярдоо жана тапшыруу;
- Жүргүзүлүп жаткан изилдөөлөрдүн жана долбоорлордун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана Университеттин нормативдик актыларына ылайык жүргүзүлүшүн камсыз кылуу;
- Университеттин илимий жана инновациялык аброюн улуттук жана эл аралык деңгээлде жогорулатууга көмөк көрсөтүү;
- Борборго бекитилген материалдык, финансылык жана маалыматтык ресурстардын сакталышын камсыз кылуу;
- Окутуучуларга, студенттерге жана аспиранттарга илимий жана инновациялык ишмердүүлүк боюнча методикалык жана уюштуруу колдоо көрсөтүү;
- Академиялык ак ниеттүүлүк эрежелеринин сакталышын, плагиаттын алдын алуу жана илимий жыйынтыктардын этикага ылайык колдонулушун камсыз кылуу;

- Илимий билимдерди жайылтууга жана илимдин коомчулукта, өзгөчө аймактагы жаштар арасында популяризациясына көмөк көрсөтүү.

## 6. БАШКА ТҮЗҮМДҮК БӨЛҮКЧӨЛӨР МЕНЕН ӨЗ АРА БАЙЛАНЫШ МАМИЛЕЛЕРИ

**6.1. Борбор төмөнкүлөр менен өз ара аракеттенет:**

- **Факультеттер жана кафедралар:** илимий-изилдөө жана инновациялык ишмердүүлүктү координациялоо, аспирантура жана студенттик изилдөө иштерин колдоо, профессордук-окутуучу курамдын илимий эмгек жазууга жана басып чыгарууга көмөктөшүү, илимий долбоорлорго тартуу жана донор издөөдө жардам көрсөтүү.
- **Илимий лабораториялар жана изилдөө топтору:** изилдөө долбоорлорун жана инновациялык программаларды уюштуруу жана жүзөгө ашыруу.
- **Бухгалтерия жана каржы бөлүмү:** гранттык жана башка финансылык долбоорлорду аткарууда отчеттуулукту камсыз кылуу.
- **Эл аралык байланыштар бөлүмү:** эл аралык жана жогорку окуу жайлар аралык долбоорлорду, гранттарды жана академиялык мобилдүүлүк программаларын жүзөгө ашыруу.
- **Башка кызматтар жана башкармалыктар:** материалдык-техникалык, маалыматтык жана адам ресурстарын пайдаланууну уюштуруу, билим берүү жана илимий иштерди колдоо.
- **Илимий китепкана:** басылып чыгарылган илимий журналды электрондук китепканага киргизүү, профессордук-окутуучу курамдын илимий эмгектеринин репозиторийин түзүүгө көмөктөшүү;
- Окуу бөлүмү: аспирантура, докторантура жана PhD-программаларынын окуу процессин уюштуруу.

**6.2.** Борбор өзүнүн функцияларын аткарууда бардык бөлүмдөр менен **укуктук, уюштуруучулук жана методикалык байланышты сактоого милдеттүү**.

## 7. ЖООПКЕРЧИЛИК

**7.1. Борбор төмөнкүлөргө жооптуу:**

- Өзүнө жүктөлгөн милдеттерди жана функцияларды толук жана өз убагында аткаргандыгы үчүн.
- Университеттин илимий жана инновациялык ишмердүүлүгүнүн пландарынын аткарылышы үчүн.
- Борборго берилген материалдык, финансылык жана маалыматтык ресурстарды натыйжалуу колдонуу жана сактоо үчүн.
- Берилген маалыматтын, отчеттордун жана илимий жыйынтыктардын тактыгы жана ишенимдүүлүгү үчүн.
- Академиялык ак ниеттүүлүк эрежелерин сактоо, плагиатты алдын алуу жана илимий изилдөөлөрдүн этикасына ылайык иш алып баруу үчүн.
- Борбордун ишмердүүлүгү аркылуу Университеттин илимий жана инновациялык аброюн сактоо жана жогорулатуу үчүн.

## 8. ЖЫЙЫНТЫКТЫК ЖОБОЛОР

**8.1.** Бул Жобо Нарын мамлекеттик университетинин окумуштуулар кеңешинин чечими менен бекитилгенден жана ректордун буйругу аркылуу ишке киргизилгенден тартып күчүнө кирет.

**8.2.** Бул Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор Борбордун директорунун же илимий иштер, инновация жана эл аралык байланыш боюнча проректордун сунушу менен киргизилип, белгиленген тартипте Университеттин окумуштуулар кеңешинин чечими менен бекитилет.

**8.3.** Бул Жободо жөнгө салынбаган маселелер Кыргыз Республикасынын учурдагы мыйзамдары, Университеттин Уставы, окумуштуулар кеңешинин чечимдери жана ректордун буйруктары менен жөнгө салынат.

**8.4.** Бул Жобо Борбор менен өз ара байланышта болгон Университеттин бардык түзүмдүк бөлүмдөрү үчүн милдеттүү болуп саналат.

**8.5.** Бул Жобонун аткарылышына көзөмөл С. Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин илимий иштер, инновация жана эл аралык байланыштар боюнча проректоруна жүктөлөт.